DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

*Бердиев А.Т., Мусаев Ө.М., Мапаев Б.А.*

# АЛЫМКУЛ АТАЛЫКТЫН КОКОН ХАНДЫГЫНЫН ТАРЫХЫНДАГЫ ЭЭЛЕГЕН ОРДУ

*Бердиев А.Т., Мусаев О.М., Мапаев Б.А.*

# РОЛЬ АЛЫМКУЛА АТАЛЫКА В ИСТОРИИ КОКАНДСКОГО ХАНСТВА

*A.T. Berdiev, O.M. Musaev, B.A. Mapaev*

# THE ROLE OF ALYMKUL ATALYK IN THE HISTORY KOKAND KHANATE

*УДК: 947.088-52.24*

*Бул макалада Алымкул аскер башчынын өмүр жолунун тарыхый булактарда чагылдырылышы, анын ата теги, Мала ханга кызматка өтүшү, хандыктагы ээлеген орду, падышачылык Россиянын колонизатордук саясатына каршы согуштары, эл аралык дипломатиялык алакалары баяндалат жана аталыктын аткарган иштерине кыскача мүнөздөмө берилет. 1862-1865-жылдардагы Кудаярхандын тобу менен Ферганадагы уруу башчыларынын ортосундагы тирешүү жөнүндө жазылган тарыхый булактар тууралуу чагылдырылат. Алымкул аталыктын бийликке келген мезгилиндеги хандыктагы экономикалык кризис, саясий стабилсиздик, элдик толкундоолор, орус колонизаторлорунун күч алышы, чек арадагы проблемалар, англия агенттеринин иш аракеттери жөнүндө баяндалат. Чыгыш Түркстандагы абал, Жакыпбек, Сыдыкбек, Алымкул аталыктын ал жердеги иш-аракеттери, Жети шаар хандыгы тууралуу баяндалат. Ташкент шаарынын орустарга өтүшү, Алымкул аталыктын өлүмү, балдарынын Кашкарга кетиши жөнүндө бир топ маалыматтар берилет.*

***Негизги сөздөр:*** *Кокон ордосу, аскер башчы, аталык, басып алуу, салгылашуу, саясий окуялар, тарых.*

*В этой статье рассматриваются исторические материалы, в которых говорится о родословной происхождении военноначальника Алымкула, о его жизненном пути, о переходе его на службу к Мала хану, и роли в ханстве, в борьбе против колонизаторской политики Российской империи и о международных дипломатических отношениях. Также коротко дается оценка деятельности регента Алымкула. Говориться об исторических источниках описывающих противостояние между прохудоярхановский группировкой и племенными вождями Ферганы в 1862-1865 годах. Кроме того в данной статье подробно описываются экономический кризис, политическая нестабильность в ханстве, народные волнения, усиление колонизаторской экспансии Российской империи, приграничные проблемы, а также деятельность английских агентов в период прихода к власти Алымкул аталыка. Даны важные научные информации о переходе Ташкента к Российской империи, смерть Алымкула и переезд его сыновей в Кашкар.*

***Ключевые слова:*** *Кокандская орда, военноначальник, аталык, захват, борьба, политические события, история.*

*This article states about historical resourses which inform the origin of military leader Alymkhan and his ways of life, service-transmittion to Malakhan and his role in KokhanImpire and the struggle against to the colonial policy of Russian Impire. And about international diplomatic cooperations, and also his activities as a regent is evaluated in briefly. It reflects the resaurces of the fighting between Kudayarkhan'sgroup and the leaders of Fergana Tribes in 1862-1865. There is also given some information about economic crisis, political unstability, nation's waves, increasing the violence be Russian colonialists, the problems on the frontiers, and the English agents' activities during the Alymkyl Atalyk powerty. The article also states the situations in Turkistan, the activities of Jakypbek, Sydykbek and Alymkyl Atalyk there and also about Jety-Shaar Khanate period. And at last it informs about passing Tashkent to the hands of Russians, AlymkylAtalyk's death, and his sons' leaving to Kashkar.*

***Key words****: Kokand Horde, military commander, atalyk, capture, struggle, political events, history.*

XIX кылымдын 50-60-жылдарында Орто Азиядагы интригалуу деп саналган Кокон хандыгындагы ич ара саясий окуяларга олуттуу таасир тийгизип турган кыргыздын көрүнүктүү, чыгаан уулунун бири Молдо Алымкул болгон. Кокон хандыгындагы белгилүү инсандардын бейнеси бүгүнкү күндө да толук изилденип, такталып бүттү деп айта албайбыз. Белгилүү тарыхчы Т.Кененсариевдин жана А.Топчуевдин "Алымкул аталык" деген китебиндеги баш сөзүндө: "Жалпысынан кыргыз тарыхнаамасында тарыхый инсандарды изилдөө белгилүү ийгиликтерге жетишсе да, алардын тарых таржымалын тастыктоого байланыштуу маселелер көп", - деген сөзү буга күбө [1, 3-б.].

Алымкул аталыкты өз доорунун лидери. Аны аскер башы жөнүндө учурунда, андан кийин деле кагаз беттерине түшүрүлгөн документтер тастыктайт.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



М.Вебердин лидерчиликти классификациялоосу боюнча Алымкул аталыкты рационалдык-легалдык лидерлердин катарына кошсок болот [2, 3-б.]. Бул типте лидерлердин шайланышынын формалдуу эрежелеринин мыйзамдуулугу сакталат жана башкаруучулук озуйпаны ага өткөрүп берүүнү таанууга негизделет. Алымкул аталыктын өмүр жолу тууралуу кеңири маалыматтарды аскер башынын жакын адамы, ошол кездеги окуяларга өзү аралашып жүргөн Молдо Юнусжан “Амир лашкар Алимкул тарихи” (Аскер башчы Алымкул тарихи) деген кол жазмасында калтырган. Аталган эмгекти Алымкулдун уулу Шермухаммед мырзанын суранычы менен 1902-жылы жазган. Ал жөнүндө автор төмөндөгүдөй эскерет: “Атам жөнүндө сизден жакшыраак билген эч ким жок, ошондуктан ал киши жөнүндө бир жакшы китеп жазып берсеңиз” [1, 3-б.]. Бул нарративдик эмгек Өзбекстандын Илимдер Академиясынын Чыгыш таануу жана кол жазмалар институтунда сакталган. Аны Андижан университетинин профессору Р.Шамсутдинов жана доцент Паян Равшанов араб жазуусунан өзбек тилине которушуп, 1997-жылы жарыкка чыгарышкан. Алымкул аталыктын кыргыз тарыхынын Кокон мезгилиндеги ордун эске алуу менен жогорудагы китепти профессор Т.Кененсариев түзүп, толуктап чыккан, өзбек тилинен доцент А.Топчуев кыргыз тилине которуп, 1998-жылы жарыкка чыгарышкан [1, 3-б.].

1862-1865-жылдардагы Кокон ордосундагы бийлик үчүн күрөштө бир тарабынан Кудаяр хандын тобу, экинчи тарабынан Ферганадагы уруу башчыларынын ортосундагы тирешүү жөнүндө ошол учурда жазылган “Хуласат ал-ахва”, “Тухват ат-таварих-ихани”, “Тарих-и Шахрухи”,”Ансаб ас-салатин ва ал-хавакин”, “Тарих-и джадида-йи Ташканд”,” Фаргана хандар тарыхы”, “Тарих-и Аликули амир-и лашкар” жана “Тасниф-и гариб”, “Тарих-и Сигари” аталыштагы эмгектерде баян этилген [3, 281-б.].

Бул эмгектердеги негизги окуялар төмөндөгүдөй темаларга топтоштурулган: Ташкент жана бүтүндөй Фергана өрөөнүн камтыган ич ара күрөштүн жүрүшү (1862-жылдын марты - 1863-жылдын сентябры); Алымкулдун жеке башкаруу режими, анын жүргүзгөн тышкы саясаты жана 1864-жылдагы Түштүк Казахстандагы согуштук аракеттери; Ташкентти орустардын ээлеши, Алымкулдун өлүмү жана Кудаяр хандын бийликке келиши (1865-ж.) [3, 281-б.];

XIX кылымдын экинчи жарымы жана XX кылымдын башында Орто Азия хандыктарын басып алуу процессин чагылдырган кеңири бай фактылык материалдар жарык көргөн. Алардын ичинен В.Бартольд, В.Пьянков, Н.Остроумов, В.Наливкин, В.Веселовский, Е.Смирнов, К.Абаза, Н.Дингельштед, Н.Павлов жана башкалардын эмгектерин баса көрсөтүүгө болот. Аталган авторлордун эмгектери Кокон хандыгынын саясий тарыхындагы окуяларга катышуучулардын жана жандуу күбөлөрдүн көзү менен көргөн маалыматына таянып жазылган, анын ичинде Алымкул амир-лашкардин жасаган иштери да эске алынат [4, 9-б.]. 2004-жылы З.А. Илхамов тарабынан “Аликули Амир лашкар и его место в политической истории Кокандского ханства” деген аталыштагы Алымкул лашкер башынын өмүр жолун ар тараптан изилдеген илимий кандидаттык диссертация Өзбек Илимдер Академиясынын базасында корголгон.

Кокон хандыгынын XIX кылымдын экинчи жарымындагы коомдук, мамлекеттик көрүнүктүү ишмери Алымкул аталык 1831-жылы Андижандын Коргон-Төбө аймагынын Таштак кыштагында жарык дүйнөгө келген. Н.Веселовский Жакыпбек Байдөөлөткө байланыштуу эмгегинде, ошол кездеги Маргаланда бектик кылган Мырзакматтын сөзү боюнча 1863-жылы аталык бийликке келгенде 34 жашта болгон. Бул пикирди тарыхчы Т.Кененсариев да бекемдейт [1, 12-б.].

Алымкул ичкилик кыргыздарынын кыргыз-кыпчак уруусунан, атасы Хасанбай Коргон-Төбө чөлкөмүнүн бийи, энеси Шаарбан нойгут уруусу отурукташкан Бужум-Баткен жеринен болгон. Аталыктын өзүнөн улуу эжеси бар эле. Алымкул эки жашка толгондо атасы каза болуп, тагасы Молдо Дос Акундун колунда 7 жашка чейин тарбияланып, кат-сабатын жойгон. Апасы менен ата конушуна Коргон-Төбөгө барып, андан соң Андижандын Акмечит медресесинде 2 жыл билим алган. Билимин Кокондо Махмуд Ажы дамыланын колунда улантат. 18ге толгондо жездеси Тагайкул датка аскер ишине машыктырган. Көп өтпөй Коргон- Төбөгө бий кызматына көтөрүлгөн. Ак ниет иштегенинин натыйжасында Андижан акими Малабекке нөөкөрлүккө өткөн [1, 11-б.].

Алымкул аскер башчынын тагдырын Магзуни (Зиябидин Максым) «Фаргана хандарынын тарыхы» деген эмгегинде төмөнкүдөй баяндайт. “Молдо Алымкул Малахандын бир макрмы (сырдашы) болгон. Аны өтө жакшы көрчү. Кыргыздардын ичинде бечарасы болгон. Энеси ар кимдин коюн саап сүтүн ташып, үйүн шыпырып, Алымкулду көтөрүп жүрүп баккан” [5, 275-б.]. Алымкулдун теги боюнча Зиябидин Максым төмөнкүдөй маалымат берет: Алымкулдун атасы Курбанкул, амекиси Субанкул, Рахманкул - булардын улуусу. Алар да кедейчиликтин айынан көп кыйналган. Алымкулдун атасы Курбанкул ар кимдин суусун ташып, ал үчүн бир парча нан алып, ак

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



эмгеги менен күн көргөн, бирөөнүн акысын жебеген, акыйкатчыл инсан болгон [5, 275-б.]. Себеби ошол кезде Зиябидин Максым (Магзуни) Кокон ордосунда хандын катчысы эле, аталган эмгегин Кудаяр хандын буйругу менен жазган. Ошондуктан Алымкулдун тегин кедей үй-бүлөдөн чыккан деп жазышы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бир четинен Магзуни берген маалыматта да чындык бар. Себеби Алымкулдун атасы ал эки жашка чыкканда каза болуп, жетимчилик күндөр башынан өткөндүгү анык.

1858-жылы Алымкул Малабекти хандык бийликке алып келүүдө чоң ролду ойногон. Маргалан бегинин наиби (орун басары) кийин башкаруучусу болуп бийликте турган. 1863-жылы жайында Малабек козголоңчулар тарабынан өлтүрүлгөндөн кийин, Алымкул демилгени өз колуна алган. 1863-жылы июнь айында аскер башы жетектеген кыргыз-кыпчактар Коконду камалоого алып, ордону ээлешкен. Бийлик кыпчактарга тийип 1863-жылы 9-июль күнү Малабектин 13 жашар уулу Султан Сейит такка отургузулган [6, 566-б.]. Жунайдулла Кожо уулунун 1916-жылы жазылган «Тарих-и Фаргона» деген китебиндеги Жармазардагы жыйында хандыктын тагдырына байланыштуу маселеде көпчүлүк Кокон уламаларынын макулдугу менен Зиявидин Максым тактыны Алымкулга сунуштаган [7, 305-б.]. Бул жерде лидерлердин шайланышынын формалдуу болсо да эрежелеринин мыйзамдуулугун байкасак болот. Жогоруда белгилегенибиздей анын рационалдык-легалдык бийликке жакындыгына далил. Бардык Чыгыш мамлекеттеринде башкаруу системасы окшош болуп, мамлекетти ошол династиянын негиздөөчүлөрүнөн чыккан адамдар гана башкара алган. М: Моголустан мамлекетиндеги дуулат уруусунан чыккан Пуладчы монгол тукумунан болбогондуктан хандыкка Чынгыздын урпагы Тоглук Темирди коюп, өзү жогорку кызмат деп саналган улус беги титулун алган [8, 123-б.]. Амир лашкардин бийликти башкарууну мыйзамдын чегинде жасоо үчүн 12 жашар Султан Сейитти тандашы да алдын ала пландалган, анткени башкаруучулук вазийпа ага тиерин билген. Натыйжада ичкилик кыргыздарынын абройлуу мамлекеттик ишмери, талanttуу кол башчы 32 жаштагы Алымкул Малабектин уулуна аталык (регент) катары дайындалат, иш жүзүндө хандыкты башкарууну толук колуна алган. Алымкулга атайын, «аталык» наамы берилген эмес. Ал 1863-1865-жылдары хандыкта толук бийликке жетсе дагы аскер башы (амир лашкар) же «амирул умаро» (эмирлердин эмири) деген гана даража менен кала берген [9, 165-б.]. Аталыктын бийликке келген мезгилинде хандыкта саясий стабилсиздик, экономикалык кризис, элдик толкундоолор, хандыктын чек арасында орус колонизаторлорунун, манчжур оторчуларынын агрессиясынын күч алышы, англия агенттеринин хандыктын аймагында жойлоп жүрүшү өңдүү проблемалар бар эле. Анын бийликте турган мезгилинде жасаган иштерин анализдөөгө аракет кылып көрөлү.

Мамлекеттин чек арасын бекем сактоого аракет жасаган. Жыйынтыгында Чолок Коргон, Ташкент, Түркестан чептери аз убакытка болсо да калыбына келген.

Ошол учурдагы хандыктын тышкы саясатына байланыштуу жүргүзгөн аракеттери аркылуу келечекти туура баамдаган мамлекеттик ишмер, саясатчы катары баа веребиз. Отуз жылдан ашуун Бухараны башкарган Нусрулла эмир көз жумуп (1860-жылы октябрь айында), анын ордуна баласы эмир Музаффар келген. Нусрулла эмир бүтүндөй Орто Азиянын тышкы саясатында чоң абройго ээ болгон, анын ордуна келген баласы андай кадыр-баркты кармап турууга кудурети жеткен эмес. Бул Кокон хандыгына аз мезгилге болсо да тышкы саясатта артыкчылыкка ээ болуусуна шарт түзгөн. Кыраакы Алымкул болгон аракетти Турция, Англия менен достук мамиледе болууга буруп, аларды чалгытуу менен мамлекеттин ичиндеги чыр-чатактарды жөнгө салууга, дөөлөттү бекемдеп, хандыкка таяныч түзүүгө басым жасаган. Алымкул түрк султанына, англичандарга, ошондой эле Афганистан жана Кашмирге баруу үчүн цин бийлигинен “тибет жолу боюнча” каридор берүүнү суранып элчи жиберген. Кокон тарыхы боюнча тарыхый булактардын биринде элчи Молдо Ажы-бек удайчы Индиядагы британдык вице-королго алып барган катта орус падышасы менен Бухара эмири Кокон хандыгына каршы биригип, анын ээлигине коркунуч туудуруп жаткандыгы жазылган. Түрк султаны менен Англия бийлиги жакын экендиги айтылып, достук мамилени чындоо менен падышачылык Россияга жана эмирге кыр көрсөтүп коюуну суранган [3, 284-285-бб.]. Мамлекетке таяныч издөө максатында Чыгыш Туркестандан кытай оторчуларын кууп салуу жана аймакта мусулман позициясын бекемдөө үчүн Бүзүрүк кожону, Жакыпбекти 6 миңден ашуун аскери менен Сыдыкбекке жардамга жөнөткөн. Алымкулдун оюу ишке ашып, 1865-жылы Сыдыкбектин көзүн тазалашып, Жакыпбек Кокон хандыгынын бийлиги астында хандык негизделгендиги тууралуу Алымкулга тартуу менен кабар жөнөткөн. Аталык ага жооп кылып таажы тебетей, канжар тапшырып, Кашкар тараптагы толук

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



укукту өткөрүп, 1865-жылдын 10-майында Жакыпбекке «аталык казы» титулун ыйгарып, «Жети шаар хандыгы» мамлекети түзүлгөндүгүн жарыялаган [10, 138-б.].

Хандыктагы көп улуттуу элдерди ымалага келтирип, душманга каршы бириктире алган данакер инсан, чебер дипломат. Ошол мезгилдеги Алымкулдун орус замандаштары ага "чебер дипломат, мыкты аскер башчы, жөнөкөй кызматчыдан хандыктагы ири ишмерге айланды", – деп баа беришкен [11, 148-б.].

Аны биз Мекен үчүн күрөшкөн патриот катары да эсептесек болот. Хандыкты сактап калуу үчүн дүнүйө мүлкүн элге, аскерлерге таратып берип, өзүнүн аброюн ашырган. 1863-жылы Султан Сейитти ак кийизге салып хан көтөрүп, сарпай кийгизүү маалында маргаландык жана кокондук уламаларга бирдей мамиледе болуу үчүн беш миңден ашуун адамга кымбат баалуу кездемеден даярдалган тондорду жапкан. Мынча буюмду кайдан даярдатканына таң калган эл ыраазы болуп тарашкан [7, 306-б.]. Жогоруда айтылган фактылардан, ал байлык-дүнүйөдөн карапайым элдин ынтымагын жогору койгондугун көрсөк болот.

Алымкул чыгаан аскер башчы, согуш өнөрүн мыкты билген стратег. Орустар менен согушта, армияда бекем тартипсиз жеңишке жетүүгө мүмкүн эместигине көзү жетип темирдей тартип орноткон. Ошонун натыйжасында 1864-жылы 4-6-декбрда Ыкан суусунун жанындагы салгылашууда орустардын үстүнөн жеңишке жетишкен. Хандыктагы башка хандардан айрымаланып чек араны өзү баш болуп корогон. Жаш болгонуна карабастан согуш театрын жакшы өздөштүрүп, салгылашуу учурунда атайын толгомо, сызыктуу ыкмаларды да пайдалана алган.

Эгерде Ташкенттин жанындагы салгылашууда Алымкул окко учпаганда, Ташкент орустарга өтпөй калышы да мүмкүн эле. Ташкенттин орустарга өтүшү Кокон хандыгынын кулашын тездетти. Ошол учурда Ташкент шаары Кокон хандыгын эле эмес Орто Азиянын мануфактурасы өнүккөн, маданий очогу болгон. Анын өлүмү тууралуу да ар түрдүү пикирлер бар. Кээ бир маалыматтар боюнча душмандын дейди огу тийди десе, башкалары атайын ордо тарабынан уюшулган, кээ бирлери кыргыздар тарабынан өлтүрүлгөн деген пикирлерди жазып келишет. Чыгыш таануучу Н.Веселовский «Орустардын келиши» аттуу дастанында Алымкулду артынан өз жоокерлеринин арасынан бирөөсү атып койгондугун жазган [11, 138-б.]. Бул пикирди жогоруда көрсөтүлгөн тарыхый булактар да тастыктайт. Аталыктын өлүмү кокон аскерлерин дүрбөлөңгө салып, салгылашуу талаасын таштап качып кетүүгө аргасыз кылган. 1865-жылы 9-майда 34 жашында ичкилик уруусунун чыгаан уулу Алымкул аталык каза болгон. Анын сөөгү Ташкенттеги Шейхантаур мүрзөсүнө 10-май күнү коюлган [11, 139-б.]. Бийликте турган Султан Сейит хан жана Алымкулдун аялы, эки уулу менен Кашкар шаарына качып өтүп, жан корголошкон. Шады бийдин уулу Кудайкул саналуу күндөр хандык тактыда отурган. Кайрадан Бухара эмири Музафардын кийлигишүүсү менен Кудаяр хан үчүнчү жолу бийликке келген.

Алымкул лашкар башыны бир улуттун, бир элдин чегиндеги баатыр катары карабастан, хандыктагы жалпы элдердин орток баатыры катары баа берүүбүз керек. Алымкул аталык Фергана өрөөнүндөгү бүтүндөй элдердин башын бириктирип, Кокондун орток хандык экендигин эске алып, келечекте бул чөлкөмдүн тагдыры кооптуу экендигине жан кейитип, орус колонизаторлорунун күчтүү жоо болгонуна карабастан, Мекен үчүн күрөшкөн элдик баатыр катары тарыхыбызда түбөлүккө сакталат.

**Адабияттар:**


1. КененсариевТ. Топчуев А. Алымкул аталык. - Бишкек-Ош, 1999.
2. Мухаев Р.Т. Саясат таанунун негиздери. - Б., 1998.
3. Бейсембиев Т.К. Кокандская истография. Исследование по источниковедению Средней Азии XVIII-XIX веков. - Алматы, 2009.
4. Илхамов З.А. Аликули Амир лашкар и его место в политической истории Кокандского ханства. / Автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата исторических наук. - Ташкент, 2004. - 23 с.
5. Магзуни (Зиябидин Максым) «Фаргана хандарынын тарыхы» котор. Молдо Сабыр. - Б., 2007.
6. История Киргизской ССР: С древнейших времен до наших дней. 1 т. - Ф.: Кыргызстан, 1984.
7. Исхак Жунайдулла. Ибрат Фаргона тарихи «Мерос». - Ташкент, 1991. - 305-б.
8. Осмонов О. Асанканов А. Кыргызстан тарыхы. - Б. 2003.
9. Мирза Амин Ибн Мирза Рахим Ташкенди. Ансаб Ас Салатин ва Таварих Ал-Хавакин (Генеология султанов и история хаканов). - Ташкент, 2007.
10. Байтур Анвар. Кыргыз тарыхынын лекциялары. - Б. 1997.
11. Кененсариев Т. Кыргызстандын Орусияга каратылышы. - Б. 1991.